КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТОҢ РАЙОНУ
КӨЛ-ТӨР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КОЛ-ТОРСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Көл-Төр айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз № 16 -сессиясы**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2023-жылдын 10-марта № 8 Көл-Төр айылы

**“ Ысык-Көл облусунун Тоң районунун Көл-Төр айылдык аймагынын “Айылдык коомчулуктун инвестициялык ассоциациясынын” аймагынын чек араларын бекитүү” жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» мыйзамынын 34-беренесинин 17-бөлүгүнө ылайык, берилген иш-кагаздарын карап чыгып, жергиликтүү коомдук өз алдынча башкаруу органын эсептик каттоо максатында Көл-Төр айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Ысык-Көл облусунун Тоң районунун Көл-Төр айылдык аймагынын «Айылдык коомчулуктун инвестициялык ассоциациясы» аймактык коомдук жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы (ТОС) эсептик каттоого алынсын.
2. Ысык-Көл областынын Тоң районунун Көл-Төр айылдык аймагынын ТОС “Айылдык коомчулуктун инвестициялык ассоциациясынын” аймагынын чек аралары Көл-Төр айыл аймагынын административдик чектерине ылайык бекитилсин.
3. Көл-Төр айыл өкмөтүнүн, Көл-Төр айылдык кеңештин ыйгарым укуктуу адиси тарабынан жүргүзүлгөн ТОС органдарын каттоо журналына киргизилсин.
4. Бул Токтом каттоого алынып Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актыларынын реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигине жиберилсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Көл-Төр айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Рыспай уулуна жана АКИАнын туруктуу комиссиясынын төрайымы А.Асылбек кызына жүктөлсүн.

**Төраганын орун басары** **А.Намазбекова**